**"БЕКИТИЛДИ"**
**Ак-Дөбө айылдык кеңешинин**
**2022-жылдын 03- майындагы**
**№ 31 токтому менен**
1 -тиркеме

«Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү бекитилген **ЖОБО**

## 1.Жалпы жоболор

1.1. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айыл аймагында жарандарды сыйлоонун жогорку формасы жана алардын мамлекетти жана демократиялык коомду, элдердин биримдигин коргоого жана чыңдоого, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана рухий потенциялын арттырууга кошкон салымы, ошондой эле мамлекеттин жана элдин алдында коомдук, гуманитардык, кайрымдуулук жана башка иштердеги сиңирген эмгегин таануу болуп саналат.

1.2. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы Ак-Дөбө айылдык кеңеши жана Ак-Дөбө айыл өкмөтү тарабынан уюштурулат.

1.3. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына талапкерлерди көрсөтүүнүн, наамды ыйгаруунун жана тапшыруунун, сактоонун тартиптери, бул сыйлык тууралуу башка эрежелер ушул жобого ылайык жөнгө салынат.

1.4. Чет өлкөлөрдө иштеген жана убактылуу жашап жаткан кыргыз жарандары, ошондой эле чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасынын, анын ичинде Ысык-Көл облусунун, Жети-Өгүз районунун, Ак-Дөбө айыл аймагынын алдында сиңирген эмгектери үчүн «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы менен сыйланышы мүмкүн. Аларды сыйлоо боюнча сунуштар жалпы негиздерде берилет.

1.5. Бир эле адам «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы менен эки жолу сыйланышы мүмкүн эмес.

1.6. Атуулдарды алардын маарекелерине же бир багытта узак мезгилдер бою кадимки кызмат кылгандыгына байланыштуу «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы менен сыйланууга көрсөтүүгө жол берилбейт.

## 2. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына талапкерлерди көрсөтүүнүн тартиби

2.1. Ак-Дөбө айылдык Кеңешинин алдында жарандарга «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу боюнча атайын комиссия (мындан ары – комиссия) түзүлөт. Комиссиянын сандык курамы 7 адамдан турат жана анын сапаттык курамын айылдык кеңеш аныктайт. Комиссия
«Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына сунуш кылынган талапкерлердин документтерин кабыл алат, иреттейт, талкууга алат жана талапкерлердин ичинен тандалып алынган адамдын талапкерлиги боюнча өзүнүн чечимин чыгарып, Ак-Дөбө айылдык Кеңешинин жыйынына сунуш кылат. Комиссия коомдук башталышта иш алып барат.

2.2. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы менен сыйлоо жөнүндө сунуштарды төмөндөгүлөр киргизе алат:

- ар түрдүү деңгээлдеги мекеме-ишканалар (менчигинин түрүнө карабастан);
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары;
- өкмөттүк эмес уюмдар;
- Ак-Дөбө айыл аймагындагы айылдардын жана жамааттардын элдик, жамааттык жыйындары.